**ЖЫЛКЫЧИЕВА Ч.**
lib.knu@mail.ru

# САНАТ ЫРЫ

Көчмөн кыргыздын жашоосунда ыр өнөрү маанилүү зарылдык болгондуктан, ыр жашоонун бардык формасын, тактап айтканда, адамдын төрөлүшүн, үйлөнүшүн, ооруганын, кубанганын, күрөшүн, алтургай, өлүмүн да коштогон. Ырчылык өнөрдүн башаттары дарымчы, байлооч, көрүмчү сыяктуу ж.б. ырым-жырым ырлары менен байланыштуу. Төлгөчү, сынчы, бакшы – эң байыркылары мына ушулар.

Окумуштуу С. Кайыпов: «Ыр түрүндөгү речь, эстетикалык көрүнүш болуудан, ага айланууда, кооздук катары кабыл алына башталуудан мурда утилитардык максатта, турмуштук муктаждыктан, маалымат сактоо зарылдыгынан келип чыккан тилдик калып экени анык. Ыр – оозеки чыгармачылыкта, тилдик каражаттардан куралган калып, шекил, өзгөртүлүп, кайталанып колдонула берген көркөм форма; болгондо да кооз, логикалык да, эмоционалдык да мазмунду камтууга жарамдуу, тынбай өнүгүп-өсүп, көркөмдүгү тынбай артып келген ийкемдүү жана жандуу формула. Адам акылынын бүткүл тажрыйбаларын муундан муунга кара сөз түрүндө, силлагизмдер менен ойлонулган таризде, «муздак» илимий тексттер аркылуу жеткирүү көчмөн эл үчүн гана эмес, отурукташкан, жазуу салты үзгүлтүксүз уланып келген улуттар үчүн да дайыма эле мүмкүн боло берген эмес...» – деп белгилейт.

Санат, насыят ырлары эң алгач 1928-жылы латын тилинде окумуштуулар И. Арабаев менен К. Карасаевдин «Жаңылык: чоңдор үчүн алиппе» китебинде «терме санат ырлары» деп, төрт саптан, алты саптан, сегиз, он саптан турган куплеттер жарык көргөн. Ал эми фольклорист К. Мифтаков 1927-жылы өзүнө белгилүү акындар жөнүндө жазган маалыматында «кара ырчы-санатчы**»** деген терминди колдонгон экен. 1941-жылы окумуштуу Тазабек Саманчин «Лакаптан романга» деген китебинде санат ырына токтолуп, илимий аныктама берген. Окумуштуу: «Санат ырлары ыр курулушу жагынан термеге жатат. **«**Терме» деген термин аркылуу кыргыз поэзиясында көбүнчө ырлардын сырткы форма курулушу түшүнүлгөн. Чыгарманын мааниси сюжет окуясы менен байланышпаса, жана ырлар куплетсиз болсо, ырдаганда речитатив менен төгүлүп, желдирип жүрүп отурса, андай ырлар термеге жаткан. Айрыкча санат ырлар термеге мүнөздүү. Санат ырлар өзүнчө так мааниге ээ болгон макал сыяктуу кыска афоризмдер менен илинишип, терилип жүрүп отурат» – дейт.

Бул ойду андан ары улаган окумуштуулар Зияш Бектенов менен Ташым Байжиев болгон. 1949-жылы «Кыргыз адабияты» деген китепте (8-класстар үчүн): «Санат жана насият ырлар деп адамдардын кулк-мүнөздөрү, үй-бүлөөлүк жана коомдук мамилелери, турмушка, дүйнөгө көз караштары, адамгерчилик жобо жөнүндө көркөм элес, курч сөздөр менен акыл, насият иретинде (тарбиялоо максаты менен) айтылган терме ырларды айтабыз. Кыргыз турмушунда бул ырлар **терме санат ырлар** деп да аталып келген. «Санат» жана «насият» формасы жана мазмуну жагынан бир гана жанр. «Санат» деген сөз белгилүү бир темада эмес, адамдар турмушунун ар түрдүү маселелери жөнүндө даанышмандык менен айтылган макал сыяктуу сүйлөмдөрдү чогултуп, терип, санап бир ырга жыйноо деген мааниде. Санат (насият) ырларда белгилүү сюжеттик линия болбойт. Ал – ар түрдүү маанидеги макалдарды стилдештирүүнүн негизинде бир ырга баш коштурулган жыйнагы» – деген аныктама беришкен. Ошондой эле, бул китепте **«кара ыр»** деген ырдын түрү жөнүндө да учкай айтып өтүшкөн: «Кыргыздын фольклордук чыгармаларынын ичинде белгилүү темада (карылык, жакшы аял, жаман аял деген өңдүү) формасы санат (насият) ырларга окшош ырлар бар. Андай ырлар кыргызда **кара ыр** деп аталат. **Кара ырды санат ырлар менен чаташтырууга жарабайт»**, – деп жазган.

Окумуштуу Т. Абдыракунов түзгөн «Кыргыз элинин санат-насыят жана терме ырлары» деген жыйнактын баш сөзүндө: «Элдик санат-насыят, терме, үлгү ырлары – «**кара ыр**» деген жалпы ат менен эзелтен белгилүү. Кыязы, мындай ырлар мурда музыкалык аспап коштобой, обонсуз эле, акындык речитация менен меселдетип айтылган кара сөзгө жакын болгондуктан, ушундайча аталган болуу керек» – деп божомолдойт.

Ал эми Батма Кебекованын пикири боюнча: «... тилекке каршы ырчылык поэзияны иликтөөнүн башатында З. Бектенов, Т. Саманчиндин бул терминди (кара ыр) колдонгондугуна карабастан, андан кийин өңүт алып, тереңдей алган эмес, анын жанрдык өзгөчөлүгү да ачылбаган», – деп белгилейт. Ошондой эле окумуштуу кара ыр жөнүндөгү пикир жаңыдан гана козголуп жатканын белгилеп, келечекте тереңдеп, өз алдынча изилдөөнүн объектисин түзөрүн айткан.

Турмуштук көрүнүштөрдөн алган тажрыйбанын негизинде, элдин аң-сезиминде белгилүү бир түшүнүктөр пайда болуп, бара-бара ал түшүнүктөр эволюциялык этапты (эволюция нравов) басып өтөрү белгилүү. Мунун негизинде каада-салтка айланган көрүнүштөр кыргыз элинин коомдук турмушунда «жүрүм-турум эрежелерине» айланган. Бул «жүрүм-турум эрежелерин» адамдардын эстутумуна оңоюраак орноштуруу үчүн «көркөм формулага», «жандуу формулага», ырга салынган. Белгилүү бир темада (ынтымак, үй-бүлө, аял, эркек, дөөлөт, мурас, ж.б.) ырдалган ырлардын белгилүү бир чен-өлчөмү, көлөмү болбогондуктан, «кара ыр» деп коюшкан деп ойлойбуз, тактап айтканда, түгөнбөгөн, аягы жок ыр.

Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө: **Санат I зат.** 1. үлгү болорлук, сабак болорлук насыят сөз. Улуу адамдардын санат сөздөрү. Жыйындын ортосунда мени баалап, Ыр менен нечен түркүн айтты санат (Барпы). 2.ад. Рифмаланган бир нече афоризмден турган үлгү, насыят маанисинде айтылган ыр. 3.шаани, шаан-шөкөт. Кан Көкөтөй ашынан, Артык кылам санатын (Манас). 4.жаза, бирөөгө көрсөтөр кордук. Кылбаган санатты кылдыңар. Сага көрсөтөр санат башка эле, тарткылыгың жок экен («Чалкан»). (Биздин оюбузча, берилген мисалдардын мазмуну жаңылыш чечмеленип калган. Санат – бул жаза, кордук эмес, бир «көргүлүктү» (түркүн түстүү өнөрдү) көрсөтө элек деген мааниде айтылган деп ойлойбуз. 1984-жылы Ч.Айтматовдун башкы редакциясы менен жарык көргөн «Манас» эпосунун I китебинин (С.Каралаевдин варианты боюнча, «Манастын Бакай, Ажыбайга жолукканы» деген бөлүмүндө) 188-бетинде:

Эрдин жайын билемин
Найзаны бирге сайышчу
Чалгынды бирге чалышчу,
Жоону бирге жоолашчу,
Калың түмөн жоо чыкса,
Кайгыланган доо чыкса,
Айта-буйта дегиче
Ачып көздү жумгуча,
Астын-үстүн салдырып,
Берчүүнү издеп жүрөмүн.
Белгилүү болсо, бел болсо,
Жазат элем канатты
Кармаша чыккан жоо болсо,
Кылат элем **санатты**

Бул үзүндүдөгү **санат** деген сөз « *ар кандай өнөрдүн түрүн көрсөтөт элем*» деген маанини туюндуруп турарын ырдын мазмунунан түшүнөбүз. Ал эми «шаан- шөкөт», «жаза», «кордук» деп берүү жаңылыштык – ( Ч.Ж ). **Санат II зат**. Эсеп, бир нерсенин жалпы саны; санак. Айылынын санаты алты миң түтүн жаны бар («Эр Төштүк»). Арманы канча калды деп, санатын менден сурадың (Токтогул). **Санат III** *сана* этиштин аркылуу мамилеси – деп, сан – а – т сөзүнүн морфологиясы (этиштен заттык маанидеги сөздөрдүн жасалышы, этиштин аркылуу мамилеге өтүшү) толук берилген.

Ал эми белгилүү окумуштуу К. К. Юдахин белгилүү сөздүгүндө **санат** – кыргыздын төл сөзү деп берсе, Түрк Дили Куруму деген уюмдун түзгөн Гүнжел түркче сөздүгүндө **санат** сөзү араб тилинен алынган, заттык мааниде колдонулат – деп, анын 5 (беш) мааниси берилген. 1. Кандайдыр бир сезимди, кыялды же кооздукту туюндуруу

ыкмаларынын жыйыны жана мындай туюндуруунун натыйжасында пайда болгон жогорку жаратуучулук (өнөр, чеберчилик). Мис.: Селимие мечити – жогорку өнөрдүн продукциясы (натыйжасы). 2. Белгилүү бир цивилизациянын же коомдун аң-сезиминин жана табитинин критерийлерине (белги, өлчөмүнө) ылайык жаралган көркөм чагылдыруу (искусство). Мис.: Түрк санаты (искусствосу). 3. Бир нерсени жасоонун чеберчилиги. Мис.: Сүйлөө санаты (чеберчилиги). 4. Бир кесипте сакталуусу зарыл болгон критерийлердин жыйыны. Мис.: Аскерлик санаты (өнөр). 5. Кол өнөрчүлүк. Мис.: Кол өнөрчүлүк институту, – деп окуйбуз.

Ошентип, санат – бул жогорку жаратуучулук, өнөр, көркөм чагылдыруу болсо, анда **санат ыры** кыргыз элинин руханий азыгына айланган турмуштук философиясы, этика-эстетикалык түшүнүктөрүнүн жыйындысы, кыргыз дүйнө таанымындагы көөнөрбөс булак.

Вандык, теориялык билими жок, карапайым, бирок турмуштук билими бар, көркөм табити күчтүү Мамазия карыянын сөзү менен айтканда: «Санат ырды чоң ырчылар ырдайт да. Аны анан кээ бир адамдар жаттап калат. Санат ырдын мааниси болот, адамдар андан таалим алат. Жанагыдай, оозуна келгенди ырдай берсе, санат болбойт ал. Бир жолу угуп койгудай ыр көп. Алар да, ыр дечи. Бирок санат ырды уккан сайын уккуң келе берет. Ааламдагынын баары ушул санат ырда бар да» – деген экен.

Санат ырынан мисал келтирсек:
Каары келсе калың эл,
Каардуу бороон күнгө тең.
Касаптаса бирөөнү
Караңгы айсыз түнгө тең.
Берекеси эң артык
Белден чыккан кенге тең.
Сабыр кылса бир ишке,
Салмагы оор жерге тең.
Санжыргасы элимдин,
Сары арка тоо, белге тең.
Бет алып жүрүш кылганы,
Уюлдун музу жарылып,
Удургуй аккан селге тең.
Чайпалганы козголуп,
Чалкар деңиз көлгө тең.
Жалгагысы келгенде,
Жайдын мээри ачылып,
Жайкалып турган гүлгө тең.
Ысыктыгын сурасаң –
Тозоктон чыккан жалындай.
Сууктугун сурасаң –
Уюлдан чыккан шамалдай.
Зилдеп түбү бузулса,
Жер жарылып тоо кулап,
Кадим зилзала болуп тургандай.
Атаандашса душманга,
Кадим атылып булкан ургандай.

Санат, насыят, терме ырларынын көлөмү чектелбейт, бир канча бөлүктөн туруп, бир канча поэтикалык ой-жүгүртүүлөрдү камтып (ар бир бөлүктүн ортосунда белгилүү деңгээлде гана байланыш болушу мүмкүн), композициялык жагынан бири-бирине көз-каранды эмес. Жогоруда санат ырынын үзүндүсү көлөмдүү бир ырдын башкы эки чоң бөлүгү. Бул эки бөлүктүн сюжетин коомдун, калайык калктын, элдин образы түзөт. Элдин психологиясы көркөм салыштыруунун жардамы менен так, таамай берилген:

**Каар**ы **к**ел**с**е **к**алы**ң** эл,
**Каар**дуу бо**р**оон **к**үнгө те**ң**.
**Кас**апта**с**а би**р**өөнү
**Кара**ң**г**ы ай**с**ыз түнгө те**ң**.

Бул төрт сап 7 муундан (акыркы сап 8 муундан) туруп, ал эми каткалаң **(к-с-р-ң)** тыбыштары саптардын арасындагы (туурасынан да, тигинен да) тыбыштык күүнү түзүп, ошол эле учурда бул тыбыштар ырдын мазмунуна кандайдыр бир кошумча маани берип тургандай. Бул кошумча маани көркөм салыштыруунун (*каардуу борон күн – караңгы айсыз түн)* таасирин эки эсе арттырып, эмоционалдык чыңалууга алып келет. Экинчи, төртүнчү саптагы уйкашып келген (аттама уйкаштык) *күнгө тең - түнгө тең* сөздөрү айтыла турган ойдун угумдуулугун гана арттырбастан, негизги ойдун өзөгүн түзүп турат.

Салыштыруу – адам баласынын ой-жүгүртүүсүнүн логикалык ишмердүүлүгүнүн бир түрү. Элдик оозеки чыгармаларды жаратуучулар кандайдыр бир нерсенин, көрүнүштүн

мүнөзүн толук ачып бериш үчүн аны табияттагы башка нерсе, көрүнүш менен окшоштуруп, жалпы белгилерин көрө билип, салыштыра алышкан, тактап айтканда, табият менен адамдын ортосундагы байланышты аңдап-туюуга жетишкен. Салыштыруунун максаты бир көрүнүштүн өзгөчөлүгүн экинчи бир көрүнүштүн жардамы менен көрсөтүү, белгилөө, же болбосо, айырмалоо.

Ал эми төмөндө берилген 3 сап ыр жогоруда берилген куплетке антитеза:

**Ж**алгагысы келгенде,
**Ж**айдын мээри ачылып,
**Ж**айкалып турган гүлгө тең.

Ырдын композициясын куруда поэтикалык ассоциация негизги курал экени түшүнүктүү. Бири-бирин толуктап турган карама-каршы көрүнүштөр параллель сүрөттөлүп, бир бүтүндүктү түзүү менен кайсы бир деңгээлде, ырчы философиялык ой-корутунду чыгарууга жетише алган. Бул санат ырында кыргыз элинин көчмөн маданиятында (уруучулук коомдо) жеке бир индивидди таануу эмес, элди таануу негизги принцип болгонун белгилеп, ошону менен коомдогу социалдык, психологиялык көрүнүштөр ырдын мазмунунда чагылдырылган.

Жогорудагы мисалдардан көрүнүп тургандай санат, насыят ырларынан кандайдыр бир деңгээлде эпикалык мүнөздү байкайбыз, себеби бул ырларда адам баласынын ички жан дүйнөсүнүн абалы лирикалык өңүттөн эмес, поэтикалык баяндоо формасында, дидактикалык гана мазмунга ээ болбостон, коомдук мамилелер, социалдык мүнөздөгү темалар камтылган. Ал эми ырдын кийинки бөлүктөрүн дидактикалык мазмундагы саптар түзүп, агартуучулук милдетти аткарат.

«Кыргыз элинин санат-насыят, терме ырлары» деп аталган жыйнактан дагы бир санат ырын мисалга алсак:

Куурабай дарак буралбайт,
Ала барчын качырса,
Алсыз түлкү бураңдайт.
Башыңа мүшкүл иш түшпөй,
Эр азамат сыналбайт.
Эр азамат жигиттин,
Бак-дөөлөтү барында,
Бардык адам дос болот.
Дөөлөтү баштан тайган соң,
Курбу, курдаш көп болот.
Кызматтан буту тайганда,
Жаман адам кас болот.
Жамандыктын белгиси,
Бузуктукка маш болот.
Туура баатыр жигиттин,
Туурунда турганда,
Туугандары көп болот.
Туурдан буту тайган соң,
Жаман тууган жалтаңдап,
Жакын келбей жат болот.
Кыйкыйган арам курбулар,
Кылчайбастан жат болот.

Адамдын табиятындагы карама-каршылыктар жана ошонун негизинде келип чыккан тиричиликтеги миң түрдүү кырдаалдар, ошого жараша адамдын (элдин) психологиясынын ийкемдүүлүгүнүн негизинде пайда болгон түркүн-түстүү боёктуу мамилелердин келип чыгышы санат ырынын өзөгүн түзүп турат. Ырды андан ары окусак:

Илими бар адамдын,
Илими кызмат жагында.
Кошоматчы куу арам,
Отун жагып, суу алат.
Кызматыңан бошонсоң,
Кыйуусун таап чуу салат.
Бордоку койум жеген деп,
Бозорбостон доо кылат.
Таалайың артып турганда,
Тага-журтуң табылат.
Жакын келбей жат болуп,
Тага-журтуң тарыгат.
Билбей тартсаң арканды,
Бир жеринен түйүлөт.
Калкка бузук иш кылсаң,
Бир тууганың күйүгөт.
Байкабай тартсаң арканды,
Бардык жери түйүлөт.
Байкоос элге иш кылсаң,
Аял, балаң күйүгөт.

Тактыдан бутуң тайганда,

Ырчы турмуштук тажрыйбанын негизинде пайда болгон, эч кандай далилди талап кылбаган ой-корутундуларды чыгарып, жашоонун маңызын түшүнүүгө, жакшы адам менен жаман адам жанаша жүрөрүнө ишендирип, «жакшыны» түшүнүү үчүн «жаманды» айырмалай билишибиз керек экендигин ырдайт.

Ырчылык өнөрдүн алдынкы чеберлери, сөз кору, ой жүгүртүүсү өтө бай, нускалуу ырчылар гана санат ырын ырдашкан. «Ырчылар поэзиясында нускоочу акындар өтө жогору бааланат. Аларды кара ырчы-санатчы деп коюшат» – дейт окумуштуу Б. Кебекова. Ошондуктан, төкмө ырчылардын талантынын деңгээлин өлчөөнүн негизги ченемдеринин бири ушул санат ыры болгон. Санат ырынын негизги өзгөчөлүгү дидактикадан тышкары социалдык-философиялык тематиканы камтыйт. «Санат ыры» деп аталып калышынын себеби да ушунда.

Санат ырларынын популярдуу болушунун себеби, алардын философиялык терең мазмуну жана поэтикалык курулушу. Мына бул эки көрүнүш санат ырларынын эл ичинде кеңири тарашына түрткү болуп, кыргыз эл оозеки чыгармачылыгында өзгөчө жанрдын пайда болушун шарттаган.

Ошентип, жалпы эле элдик лирика элдин эстетикалык жана этикалык түшүнүктөрүн калыптандырганы белгилүү. Ал эми ошол эстетикалык жана этикалык түшүнүктөрдү кандай поэтикалык көркөм каражаттар аркылуу чагылдырылгандыгын аныктоо белгилүү бир деңгээлде улуттун көркөм табитинин, кооздук, көркөмдүк жөнүндөгү түшүнүктөрүнүн өнүгүш тарыхын аныктоого жардам берет. Ошондуктан элдик ырлардын (анын ичинде санат, насыят ырларынын) поэтикасын изилдеп чыгуу бүгүнкү күндүн талабы.

***Адабияттар:***


1. Эшеналы уулу Арабай, Карасай уулу К. Жаңылык: Чоңдор үчүн алиппе. – Ф., 1928. – 84 б.
2. Бектенов З. Байжиев Т. Кыргыз адабияты. 8-класстар үчүн. – Ф.: Кыргызстан. – 1949.
3. Саманчин Т. Лакаптан романга. – Ф., 1971.
4. Стеблева И. В. Поэтика древнетюркской литературы и ее трансформация в ранне-классический период. – М.: Наука, 1976. – с. 211.
5. Белгилүү инсандардын өмүрү: Ташым Байжиев / Түз.: Мар Байжиев. – Бишкек, 2002. – 340 б.
6. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. Ф.: Мектеп, 1969. – 52-б.
7. Türk Dili Kurumu’nun Güncel Türkçe Sözlüğü, http://www.tdk.gov.tr/TR/SozBul.aspx?F6E10F8892433CFFAAF6AA849816B2EF4376734BED947CDE&Kelime=sanat, 20.08.2009.
8. Юдахин К. К. Киргизско-русский словарь. – Москва, 1965. – 632, 554, 729-бб.
9. Кайыпов С. Т. Жылга бергис жарым күн (же санат ырдан сарыккан ойлор) / Илимий-популярдуу баян. – Бишкек, 2006. – 65-б.
10. Кыргыз элинин санат-насыят жана терме ырлары / Түз.: Т. Абдыракунов. – Ф.: Илим, 1973. – 5-б.
11. Абылкасымов Б. Ш. Жанр толгау в Казахской устной поэзии. – Алма-Ата, 1984.
12. Кебекова Б. Кыргыз эл ырчыларынын тарыхынын очерктери. I китеп. – Бишкек: Турар, 2009. – 31-б.